УДК 502.7 (575.2)
DOI 10.33514/1694-7851-2022-4-50-55

**Төлөгөнова Г.А.**
окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
**Бактыбек к Н.**
окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
**Төлөгөнова Г.А.**
преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
**Бактыбек к Н.**
преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
**Tologonova G.A.**
Lecturer
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
**Baktybek k. N.**
Lecturer
Kyrgyz State University named after I. Arabaev

# «ЖАШЫЛ ЭКОНОМИКА» – КЫРГЫЗСТАНДЫН КЕЛЕЧЕГИ

# «ЗЕЛЕНАЯ ЭКОНОМИКА» – БУДУЩЕЕ КЫРГЫЗСТАНА

# «GREEN ECONOMY» IS THE FUTURE OF KYRGYZSTAN

**Аннотация:** Жашыл экономиканы өнүктүрүүнүн башкы максаты – бул республикада туруктуу социалдык-экономикалык өсүүгө жетишүү. Ошондой болгондо гана азыркы муун кийинки урпактар үчүн таза Кыргызстанды, таза жаратылышты, таза тоолорду жана өрөөндөрдү, таза сууларды жана көлдөрдү калтыра алат. Бул дүйнөнүн туруктуу өсүүсүнө жана жаратылышынын сакталышына Кыргызстандын кошкон салымы болот.

**Негизги сөздөр**: Жашыл экономика, ресурс, гендердик тендик, таза энергия, инфраструктура, экотутум, биотурдуулук, рекреациялык ресурс, фотосинтез, туруктуу өнүгүү, климаттын өзгөрүүсү, дегредация.

**Аннотация:** Основной целью развития “зеленой экономики” является достижение устойчивого социально-экономического роста в республике. Только тогда нынешнее поколение сможет оставить будущим поколениям чистый Кыргызстан, чистую природу, чистые горы и долины, чистые воды и озера. Это будет вкладом Кыргызстана в устойчивый рост мира и сохранение природы.

**Ключевые слова:** Зеленая экономика, ресурс, гендерное равенство, чистая энергия, инфраструктура, экосистема, биоразнообразие, рекреационный ресурс, фотосинтез, устойчивое развитие, изменение климата, дегредация.

**Annotation:** The main goal of the development of the green economy is to achieve sustainable socio-economic growth in the republic. Only then will the current generation be able to leave clean Kyrgyzstan, clean nature, clean mountains and valleys, clean waters and lakes to future generations. This will be Kyrgyzstan's contribution to the sustainable growth of the world and the preservation of nature.

**Keywords:** Green economy, resource, gender equality, clean energy, infrastructure, ecosystem, biodiversity, recreational resource, photosynthesis, sustainable development, climate change, degradation.

Бүгүнкү күндө бул маселе жалгыз эле Кыргызстан эмес бүткүл дүйнө жүзүндө өтө актуалдуу болуп жаткан иш-чаралардын бири. “Жашыл” экономика жалпы экономиканы туруктуу өнүгүүгө алып келүүдө жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу жана кайра калыбына келтирүү менен пайдаланууда зор роль ойной турган принцип болуп эсептелет. Андан тышкары бул жалгыз эле ресурстарды үнөмдүү пайдаланууну түшүндүрбөйт, бул башка тармактарды да камтыган жана бардык тармактарда туруктуу өнүгүүгө жол көрсөткөн багыт. Туруктуу өнүгүүнүн максаттарынын саны 17. Алар: жакырчылыкты жоюу, ачкачылыкты жеңүү, чың ден соолук, сапаттуу билим, гендердик теңдик, таза суу жана санитария, арзан жана таза энергия, жакшы жумуш жана экономикалык өсүү, индустрия, инновация жана инфраструктура, теңсиздикти азайтуу, шаарларды жана жамааттарды туруктуу өнүктүрүү, жоопкерчиликтүү керектөө жана өндүрүү, климаттык өзгөрүү менен күрөшүү, суунун алдындагы жана суу үстүндөгү жашоону коргоо, тынчтык жана акыйкаттык, жалпы максаттар үчүн өнөктөштүк деген максаттар. Мындай максаттардын түпкү багыты – адамдын жашоо шартын жакшыртуу, таза тамак-аш менен камсыз кылуу, ден соолугун сактоо. Анткени, акыркы жылдары климаттын өзгөрүүсү менен жалпы адамзат дуушар болгон проблемалар, оорулар көбөйүп баратат. Алардын баары чогулуп келип, чоң социалдык көйгөйгө айланды. Аны азайтуу үчүн жашыл экономика саясатын колдонуу менен жашоону жакшыртуу зарыл. Анткени, эгемендик алгандан бери биздин өлкөдө өндүрүш жоголду деген менен айыл чарбасында өндүрүлгөн азык-түлүктөрдүн тазалыгы менен утушта турабыз. Ушундай мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу менен “жашыл” экономиканы ишке ашыруу боюнча азыр концепциянын долбоору даярдалып жатат.

Жашыл экономика түшүнүгү өткөн кылымдын 50-60-жылдарында Батыш Европада эн алгач теория катары ойлонуп чыгарылган. Батыш Европа өлкөлөрү индустриалдык жактан өнүккондуктон, өздөрүнүн жаратылышын абдан жабыркатып алышкан. Ошондуктан, алардын окумуштуулары өз олколорунун келечеги жөнүндө ойлонушуп, акыры жашыл экономика теориясын ойлоп табышкан. Бул теория 70–80-жылдарда саясатчылар, бизнес чөйрөсү тарабынан кабыл алынып, аягында теориядан иш жүзүнө аша баштады. Адегенде, жашыл экономиканы өнүктүрүү Исландия, Германиядан башталып, башка көп өлкөлөргө тарап жатты. Демек,жашыл экономика бул – жаратылышка зыян келтирбестен өнүгүү

дегенди билдирет. Бул боюнча бир топ өлкөлөр өзүнүн өзгөчөлүктөрүнө жараша программаларды иштеп чыгып, ишке ашырып жатат.

Маселеге байланыштуу Жогорку Кеңеш 2018-жылдын июнь айында «Кыргызстан — жашыл экономика өлкөсү» концепциясын кабыл алган. Мындан тышкары «2019–2023-жылдарда Кыргызстанда жашыл экономиканы өнүктүрүү» программасы иштелип чыккан. Анын алкагында артыкчылыктуу секторлор аныкталып, мамлекет тарабынан аларды өстүрүү жолдору каралууда.

Кыргызстанда жашыл экономиканы ийгиликтүү өнүктүрүү үчүн анын принциптерин жарандар түшүнүшү жана кабыл алышы өтө маанилүү болуп саналат. Биз XXI кылымдын өзөктүү жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө тийишпиз. Ал жаратылыштын опурталдуулугун жана аялуу экендигин адамдар аңдап түшүнүшүнө, ошондой эле жердеги жаратылыш ресурстарынын чектелүүлүгүнө негизделгенин туюшубуз зарыл. Адам жашаган чөйрөнү жакшыртуу үчүн коомдун жана бизнестин жоопкерчилигин жогорулату маанилүү. Ошондой эле жаратылыштын мыйзамдары менен ынак жашоо зарылчылыгына өсүп келе жаткан муунубузду тарбиялоо жана үйрөтүү керек жана муну түшүнүү кенже куррактан тартып адамдын аң-сезимине сиңүүгө, андан соң өнүгүүгө жана бекемделүүгө тийиш.

Кыргызстандын башкалардан айырмаланган фундаменталдуу өзгөчөлүгүн эске алып, ошону жакшылап түшүнүп алышыбыз зарыл. Баса белгилей кетчү нерсе, биз 28 жыл бою башкалар эмне кылса, ошолорду туурап жашап келдик. Бул туура эмес болгон. Азыр да жашыл экономикада башка өлкөлөрдү, мсиалга, Батыш Европанын өлкөлөрүн, Казакстанды же Өзбекстанды туурап албашыбыз керек. Биздин өзгөчөлүгүбүз, өлкөбүздүн жалпы аянтынын 94 пайызы тоолордон тургандыгында. 94 пайыз тоолор өлкөбүздүн өнүгүү багыттарынын бардык багыттарына, саясатка, экономикага да таасир тийгизе алат, биз ушуну эске алышыбыз зарыл. Демек, ушунчалык тоолуу аймакта таасирдүү болгон бир эле экономикага тиешелүү – мал чарбачылыгыбыз гана бар. Дагы бир аз аймактарды тоо-кен өндүрүштөрү ээлейт, калган жерибиздин бардыгын жайыттар, мал ээлейт. Бизде болгону 1 млн. 200 гектар айдоо жерибиз бар, бул абдан тар аянт. Казакстанда 222 млн. гектар, Өзбекистанда 27 млн. гектар айдоо аянты бар. Биз аларга атаандашып, ансыз да тар айдоо аянттарыбызды химикаттар, пестициддер менен тойгузуп салгандыктан, айдоо аянттарыбыздын 80 пайызы азыр деградацияга учураган. Эгер глобалдуу деңгээлде карасак, индустриалдык жактан абдан өнүккөн 20 өлкө жаратылышка абдан чоң зыян келтирет. Айрыкча глобалдык жылуулукка алардын зыяны абдан чоң. Биздин салымыбыз 0, 01 пайыз гана. Мунун баары, биз азыр эле жашыл экономикада экенибизди билдирет. Себеби бизде күркүрөп иштеп абага зыяндуу заттарды көп бөлүп чыгарган завод-фабрикаларыбыз жок. 21-кылымда бай өлкө - бул газ, нефтиси бар өлкө эмес, таза абасы, таза жери, таза суусу бар өлкө - бай деп эсептелет. Бул байлыктын баары Кыргызстанда бар. Ошол эле учурда Бишкек, Ош сыяктуу шаарларыбызда абанын сапаты абдан начар. Мунун биринчи себеби, кышында көмүр жагуу менен жылытылган турак-жайлардын болгондугунда. Мисалы, Бишкектин тегерегин курчап турган жаңы конуштар бүт эле көмүр, ар кандай таштандылар менен жылытылат. Булардын баары абага зор зыянын тийгизет. Башка өлкөлөрдөн алынып келген эски транспорт бөлүп чыгарган зыяндуу газдар да шаарларыбыздын атмосферасын абдан булгап жатат. Мына ушул эки жагдай шаарларыбыздын чоң көйгөйүнө айланды. Жогоруда айтылган программада көмүрдү эмнеге алмаштырса болору, эски транспорттон чыккан газдардан кантип арылуу жолдору кенен түшүндүрүлүп кеткен. Бүгүнкү күндө Кыргызстандын

жаратылышы адамдын ишмердигинен келип чыккан аракеттердин айынан биоартүрдүүлүктү жоготуу коркунучу астында турат. Токойлорду контролсуз жана ойлонбостон кыюу,токой аянттарынын жана тиешелүү түрдө экотутумдардын аянттарынын кыскарышына алып келүүдө, алар соңку жарым кылымда эки эсе кыскарды. Ошондой эле дарылык жана башка жапайы өскөн өсүмдүктөрдү ысырапкорчулук менен чогултуу, браконьердик аңчылык жана балык уулоо, ошондой эле улам кеңейип жаткан айдоо жерлерге, жолдорго, калктуу конуштарга, тоо-кен өнөр жай ишканаларына, суу сактагычтарга, курорттук-рекреациялык объекттерге жана башкаларга жерлерди бөлүү экотутумдарды бузуп жатат. Соңку 20–30 жылдын ичинде өсүмдүктөр менен жаныбарлардын көптөгөн түрлөрүнүн жашаган жерлеринин, өлчөмү жана саны кыскарууда. Биоартүрдүүлүккө жана экотутумдук кызмат көрсөтүүлөргө таасир эткен экологиялык факторлордун ичинен Борбордук Азияда климаттын уланып жаткан аридизациясы баса белгиленүүдө. Биоартүрдүүлүктү изилдөө боюнча атайын илимий изилдөөлөргө, экспедицияларга жана башкаларга каражаттарды бөлүү аркылуу илимий потенциалды колдоо; жаратылыш ресурстарын туруктуу пайдалануу үчүн биоартүрдүүлүктүн абалын баалоо боюнча туруктуу мониторингди жүргүзүү зарыл; Жашыл экономика ар кандай сектордон турат. Мисалы, туризм секторун алып карасак болот. Жашыл экономиканын бул тармагын өнүктүрүү үчүн бизде бүт мүмкүнчүлүк бар. Бирок туристтик инфраструктура жетишсиз экени маалым. Ошондой эле туристтерди тейлөө кызматы да жакшы эмес. Акыркы жылдары ишкерлер туризм тармагын өз алдынча өздөштүрүп жатышат. Натыйжада, бир топ ийгиликтерге жетишти. Мындан тышкары өндүрүү багытында да иш алып барсак болот. Бул да – жашыл экономиканын бир сектору. Кийим же тамак-аш болушу мүмкүн. Экологиялык жактан таза өндүрүм деген бренд менен чет өлкөлөргө чыгарсак болот». Ар бир областтын спецификасын жана колдо болгон туристтик потенциалын эске алуу менен өлкөнүн региондорунда туристтик зоналарды жана жерлерди (айылдар жана калктуу конуштар), потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрдү аныктоо аркылуу, жергиликтүү маданиятты өнүктүрүү жана жергиликтүү экологиялык продукцияны өндүрүү аркылуу ар бир областтын туристтик потенциалын өнүктүрүү зарыл.Төмөнкүдөй кызмат көрсөтүүлөрдү - жабдуучу (тамак-аш, суу, токой, чийки зат), жөнгө салуучу (климатка таасир, суу каптоолорго, жаратылыш кырсыктарына контролдук, суу ресурстарынын сапаты жана башкалар), маданий (рекреациялык ресурстар, жаратылыштын табигый жана руханий баалуулуктары) жана колдоочу кызмат көрсөтүүлөрдү (кыртыштын түзүлүшү, фотосинтез, азоттун айлампасы жана башкалар) жана экотутумдук кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөр тутуму үчүн жергиликтүү схемаларды камтыган экотутумдук кызмат көрсөтүү рыногун өнүктүрүү үчүн ыкмаларды изилдөө жана колдонуу керек. Кыргызстанда жашыл экономика тармагы жаңыдан жанданып келатат. Анын ичинде бир топ сектор камтылган. Мисалы, жашыл экономиканын алкагында энергетика, өндүрүш ресурстары, туризм сыяктуу тармактарды өстүрсө болот. Бул жаатта мамлекет жана жеке ишканалар тарабынан көптөгөн иш-чаралар өткөрүлүп келет. 2021-жылдын 10-декабрында Бишкекте жашыл технологиялардын жана чечимдердин Green EXPO-2021 көргөзмөсү жана Жашыл экономика форуму өткөн. Анын алкагында ишкерлер Кыргызстандын жашыл экономика боюнча мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтүп, экопродуктуларды жайылтууга басым жасашкан. Форумда жашыл экономиканы өнүктүрүүгө болгон тоскоолдуктарды жана анын чечүү жолдорун талкуулашып, жеке сектордун туруктуу өнүгүүсү үчүн мүмкүнчүлүктөр талкууланган.

Кыргызстандагы жашыл экономика негизинде иштеп жаткан бизнестер, органикалык айыл чарбасын иштетип жаткан ишкерлер да бар.Ал ишкерлер Чүйдө, Баткенде оз иштеринжогорку денгээлде жургузуп келишет. Мисалы, Баткенде органикалык жол менен өстүрүлүп жаткан өрүкзарлардын продукциялары жакшы суроо-талаптарга ээ болуп жатат. Бирок Кыргызстанда мындай бизнестин ээлеген орду абдан тар. Себеби органикалык продукциянын сапаты жогору, баасы кымбат. Башка өлкөлөрдө деле абал ушундай. Бирок мындай бизнестин келечеги жакшы. Бизде мындай продукциялардын эл аралык деңгээлде таанылган сертификаты жок, андай сертификат абдан кымбат турат.

**Корутунду**

Жашыл экономикага өтүш үчүн адамдардын аң-сезимин жаратылышты сактоого жана коргоого бурушубуз зарыл жана ал тушунукторду бекемдоого милдеттуубуз.

- Аң-сезимди өзгөртүү үчүн коомчулук кийинки муунга эмне калтыра турганын ойлошу зарыл. Азыр бардыгын жеп, жок кылып салсак, кийинки муунга биз эмне калтырабыз? Буга бир топ жылга чейин созула турган чоң маалыматтык кампания керек. Бала бакчалардан тарта мектептерде, орто, жогорку окуу жайларында окуп жаткан жаштарга биздин жогоруда айтылган абалыбыз, табиятка аяр мамиле жасоо тууралуу тарбия-таалим иштери жүргүзүлүп, айлана-чөйрөнү сактоо боюнча жаңыча маданиятты калыптандыруубуз зарыл. Аларга токой, жаныбарлар, мөңгүлөр жок болсо кандай абалга келерибизди көрсөткөн таасирдүү иштерди жасасак, бара-бара коомубуздун аң-сезими да өзгөрөт. 2015-жылы жашыл экономика боюнча айта баштаганда, эч ким маани берчү эмес, төрт жыл аралыгында кандай өзгөрүүлөр болду, кандай айырмачылыктар болуп жатат, коомчулугубуз буларга көңүл бура баштаганын байкап жатабыз. Бул темада эксперттер эле талкуулап жүрсө, коомчулук да, азыр бул маселеге аралашып түшүнө баштады. Жаратылыш менен түздөн-түз байланышуу (экосабактар, экокласстар, экомектептер, экологиялык лагерлер) аркылуу айлана-чөйрөнү изилдөө менен бардык мектепке чейинки, мектеп жана башка билим берүү мекемелеринде экологиялык билимдердин негиздеринин курстарын киргизүү зарыл. Жашыл экономиканы онуктуруудо экологиялык тарбиялоо жана билим берүү жагынан мамлекеттик саясаттын стратегиясын иштеп чыгуу;
- Экология, жаратылышты коргоо маселелери жана жашыл экономика боюнча адистерди масштабдуу даярдоо жагынан программаны иштеп чыгуу жана киргизүү;
- Жашыл ишкердикти өнүктүрүү боюнча окутуучу программаларды жана жашыл ишкерлерди тарбиялоо боюнча тренингдерди колдоо;
- Экологиялык билим берүү билим берүү тутумунун түзүмүндө негиздердин бири болуп калууга жана алдыңкы оорунду ээлөөгө тийиш;
- Өзгөчө корголуучу аймактардын базасында калк менен иштөөгө багытталган экологиялык маалыматтык-агартуу борборлорун уюштуруу;
- Биоартүрдүүлүктү сактоо маселелери боюнча илимий адабиятты басып чыгаруу, биоресурстар жана биоартүрдүүлүк боюнча ар жылдык баяндамаларды жарыялоо, Кыргыз Республикасынын биоартүрдүүлүгүнүн спецификасын эске алуу менен мектеп жана ЖОЖ окуу куралдарын чыгаруу.

Чогулган көйгөйлөрдү бир саатта чечип коюуга болбойт. Жакынкы жылдары Кыргызстанды глобалдык, регионалдык жана локалдык жаратылыш чакырыктары күтүп турат. Андыктан элдин, Жогорку Кеңештин жана Өкмөттүн алдында жашыл өсүүгө жетүү үчүн улуттук экономиканы комплекстүү экологиялык модернизациялоо боюнча алдыда алгылыктуу милдеттер турат. Жашыл экономиканы өнүктүрүү боюнча Кыргызстанда жасалган аракеттерди эл аралык уюмдардын жана фонддордун атынан эл аралык коомдоштук жандуу колдоп жатат.

- Жашыл экономиканы өнүктүрүүнүн башкы максаты - бул республикада туруктуу социалдык-экономикалык өсүүгө жетишүү. Ошондой болгондо гана азыркы муун кийинки урпактар үчүн таза Кыргызстанды, таза жаратылышты, таза тоолорду жана өрөөндөрдү, таза сууларды жана көлдөрдү калтыра алат. Бул дүйнөнүн туруктуу өсүүсүнө жана жаратылышынын сакталышына Кыргызстандын кошкон салымы болот.
- Кыргызстанда жашыл экономиканы киргизүү боюнча максаттарга жетишүү үчүн эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүү жана тиешелүү эл аралык уюмдардын гранттык каражаттарын жана башка жардамын тартуу;
- Айлана-чөйрөгө глобалдык кызмат көрсөтүүгө багытталган пилоттук долбоорлорго гранттык жардамды тартуу үчүн "Кыргызстан - жашыл экономиканын өлкөсү" брендин пайдалануу.Ушундай иштер көп болуп, коомго жайылтыла турган болсо, натыйжасы да жакшы болот. 2040-жылга чейин кабыл алынган Туруктуу өнүгүү боюнча стратегияда да жашыл экономиканын принциптери кабыл алынган. Бул да жакшы документ, ушунда кабыл алынгандарды ишке ашырсак, биз кичине болсо да алга жылган болобуз. Өкмөт кабыл ала турган программа да ушунун негизинде иштелип чыккан. Өкмөт ушул жол менен алдыга коюлган милдеттерди аткара бериши керек.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Бобылев С.Н. «Зеленая» экономика. Новая парадигма развития страны / С.Н. Бобылев, В.С. Вишнякова, И.И. Комаров [и др.]; под общ. ред. А. В. Шевчука. – М.: СОПС, 2018. – С. 68.

2. Батаева, Б. Устойчивое развитие: экологические приоритеты перехода к «зеленой» экономике / Бэла Батаева, Ольга Кожевина // Экономика сельского хозяйства России. – 2017. – № 2. – С. 80–87.

3. Мелехин Е.С. Экономика и управление природопользованием. Ресурсосбережение : учебник и практикум для вузов / А.Л. Новоселов, И.Ю. Новоселова, И.М. Потравный, Е.С. Мелехин. – 2-е изд., перераб. и доп. – М.: Юрайт, 2020. – 390 с.

4. Органическое сельское хозяйство в системе устойчивого развития сельских территорий: учебник / Т.М. Полушкина, О.Ю. Якимова, Е.Г. Коваленко [и др.]. – Саранск: МГУ им. Н.П. Огарева, 2019. – 280 с. – ISBN 978-5-7103-3811-7. – Текст : электронный // Лань: электроннобиблиотечная система. – URL: https://e.lanbook.com/book/154365.

5. Хартанович, Е.А. Экономика природопользования: учебное пособие / Е.А. Хартанович. – Красноярск : СибГУ им. академика М.Ф. Решетнёва, 2020. – 82 с. – Текст: электронный // Лань: электронно-библиотечная система. – URL: https://e.lanbook.com/book/147558.

**Рецензент: географ. илим. канд. Токторалиев Э.Т.**